MANAS Sosyal Araştırmalar Dergisi 2016 Cilt: 5 Sayı: 3
MANAS Journal of Social Studies 2016 Vol.: 5 No: 3

# КЫРГЫЗ КАГАНАТЫНЫН БИЙЛИК СТРУКТУРАСЫ

**Doç. Dr. Muratbek KOCOBEKOV**
Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi, Edebiyat Fakültesi
*k_murat2001@mail.ru*

**Аннотация**

Мамлекет менен бийлик жана аны башкаруу аппараты политогенез процессин аныктоодо маанилүү роль ойнойт. Тарых илиминде Кыргыз мамлекетинин саясий бийлик системасы туурасында так түшүнүк жок. Айрым илим адамдары Кыргыз өлкөсүн мамлекет деп аташса, кээ бирөөлөрү аны каганат деп белгилешет. Макалада Кыргыз каганатынын бийлик системасы изилдөөгө алынып, анда орун алган башкаруу бийлик аппараты талданат. Каганаттык бийлик түзүлүшү Борбордук Азиядагы этностордун саясий системасы үчүн мүнөздүү башкаруу бийлиги эсептелген. Бул жагынан алганда кыргыздар да каганаттык бийликти өздөштүргүшкөн. Ошол эле убакта Кыргыз каганатынын бийлик түзүлүшү Кытайдын Тан династиялык башкаруу бийлигинин аналогиясында курулгандыгы байкалат. Кыргыздардын мамлекеттик бийлик системасынын татаал мүнөзүнө караганда өлкөдө политогенез процесси каганаттык бийлик менен жыйынтыкталган.

**Арбын учураган сөздөр:** Кыргыз, каганат, каган, ван, мамлекет, тутук министрдик, титул.

## GOVERNMENT STRUCTURE OF THE KIRGHIZ KHAGANATE

**Abstract**

The state and power with government units play an important role in the politogenesis defining process. In the science of history there is no exact notion about the Kirghiz state political power system. If some scholars call the country of the Kirghiz a state, the others give the name of khanate. In this paper the Kirghiz Khaganate power structure has been investigated along with the analysis of the government power apparatus. The khanate power structure was considered to be typical for the political system of the Central Asian ethnos. From this perspective the Kirghiz mastered the Khaganate power. At the same time we notice that the Kirghiz Khaganate power structure was formed by analogy with the Chinese Tan dynasty government system. According to the complicated characteristics of the Kirghiz state power system the politogenesis process was concluded with the Khaganate power.

**Keywords**: Kirghiz, Khaganate, Qaghan, Van, state, Tutuk ministry, title.

## Киришүү

Кыргыздардын орто кылымдагы өлкөсүн каган башкаргандыктан, илимпоздор Кыргыз мамлекетин «каганат» термини менен белгилеп келишет. Анткен менен Кыргыз өлкөсүнүн аталышына тактоо киргизгидей каршы тарыхый фактылар арбын. Алсак, кайсыдыр бир мамлекеттин аталышы бийлик башында турган өкүмдардын титулуна байланыштуу болгону тарыхта арбын кездешчү көрүнүш. Мисалы, «Франк

королдугу», «Русь княздыгы» же «царьдыгы» деген аталыштар бийликтин түрүнө, ошондой эле мамлекетти башкарган өкүмдардын титулуна жараша белгиленип калган. Айрыкча, мындай талап орто кылымдагы мамлекеттер үчүн мүнөздүү көрүнүш болгон.

**Кыргыз каганатынын башкаруу бийлиги туурасындагы көз караштар**

Борбордук Азиядагы түрк, уйгур калктары курган мамлекеттер да бийликтин формасына шайкеш каганат аталган. Ал эми Кыргыз өлкөсүнүн бийлик структурасын талдай келгенде, буга чейин айтылып келген «каганат» термини туура колдонулуп жүрөбү, болбосо өлкө аталышына тактоо киргизилиши керекпи деген суроо жаралбай койбойт. Мындай күмөн саноо биринчи кезекте, Кыргыз мамлекетинин башкаруу түзүлүшүнө жана өкүмдардын бийлик титулуна байланышкан маалымат түрмөгүнөн улам пайда болот. Кыргыз өлкөсүнүн башкаруу бийлик аппараты, аны менен бирге өкүмдардын титулу башка түрк тилдүү калктар курган мамлекет түзүлүшүнөн кескин айырмаланган. Тан шу жазма булагына караганда, Кыргыз каганатынын мамлекеттик түзүлүшү Кытай империясынын Тан бийлигинин башкаруу аппаратындай уюшулган. Айрыкча көңүл бурчу жагдай, түрк тилдүү мамлекеттердин эч биринде мындай башкаруу бийлик түзүлүшү болгон эмес. Кыргыз мамлекетинде байкалган өзгөчөлүктү айрым окумуштууларды да түйшөлтбөй койгон эмес. А. Н. Бернштам кытай жазма булагындагы «Ажонун турагы тегерете коргондолгон; үйү кийиз тартылган чатырлардан туруп, Мидичжи аталат. Майда төбөлдөр кичине чатырларга жашашат. Аскер баардык уруулардан куралат. Баш ийген элдер салыкты сүлөөсүн жана тыйын чычкан териси менен төлөшөт» (Бичурин, 1951: 352), - деген маалыматты талдап, кытайлыктар бөлөк элдердин коомдук түзүлүшүн түшүнүш үчүн, аны сөз жок өздөрүнүн өсүү деңгээлине карата жаза салышкан деген бүтүм чыгарат (Бернштам, 1942; 1991: 75, 290 – 291). Ошондой эле, А. Н. Бернштам жазма булактагы «төбөлдөр алты катмарга бөлүнүшөт, алар: министрлер, жогорку начальниктер, башкаруучулар, иш алып баруучулар, башчылар жана дагандар. Министрден жетөө, жогорку начальниктерден үчөө, башкаруучулар он. Алардын бардыгы аскерди башкарышат. Иш алып баруучулар он беш, башчылар жана дагандар мансапка ээ эмес» (Бичурин, 1951: 352) – деген маалыматка да шектенүү менен мамиле жасайт. Кыргыз руникалык тексттеринде ушундай мазмундагы маалымат келтирилбегендиктен, окумуштуу аларды убактылуу эле мүнөздөгү кабар катары карап, жалпысынан жазма булак дарегин төгүнгө чыгарат (Бернштам, 1998: 189).

Албетте, кайсыдыр бир маалыматты жетишсиз дарек темасына байланыштуу жокко чыгаруу жеңилге тураары шексиз. Анткен менен ар бир булактык билдирүүнүн маалыматтык жактан маанилүү экендигин эстен чыгарбаш зарыл. Ошондой эле, Кыргыз мамлекетинин башкаруу бийлик түзүлүшүн баяндаган кытай автору кабар алган тарапка жана аны маалымадаган жакка деле кандайдыр бир жоопкерчилик менен мамиле жасаган чыгаар. Мындан тышкаары, А. Н. Бернштам күмөн санаган Кыргыз мамлекетинин башкаруу системасын баяндаган кытай авторлорунун маалымат түрмөгү менен руникалык эстеликтер ортосундагы айрым айкалыштарды байкоого мүмкүн. Анда эмесе белгиленген проблемаларды кезеги менен талдоого өтсөк.

**Кыргыздардын мамлекеттик башкаруу бийлиги**

Кыргыз мамлекетинин саясий курамынын айрыкча бир айырмасы, ал мамлекет башчысынын ар кайсыл тилде, ар башкача аталышы. Кыргыздардын руникалык жазма эстеликтеринде мамлекет башкаруучусу «хан» < > «кан» деп аталат. Кыязы, кыргыздардын саясий терминологиясында «хан» аталышы эң жогорку бийлик башкаруучусун атаган төл сөзү болсо керек. Алар «хан» деген термин менен мисалы, кытай императорун - Tabgač qan- Табгач кан; тибет ценпосун - Tübüt qan - Түпүт канн – деп аташкан (Малов, 1952: 29, 57 – 58; Кляшторный, 1976: 262 – 266).

Ал эми, түрк башкакрууучуларынын урматына орнотулган Орхон текстеринде болсо: Qyrqyz) küč (lig) qaɣan (Малов, 1951: 62; Orkun, 1988: 106) - кыргыздын күчтүү каганы - деп белгиленет. Кытай даректеринде: «Мамлекет жетекчиси Ажо аталгандыктан, Ажо деп чакырылат» деп айтылат (Бичурин, 1951: 352). Айрым кытай булактарында кыргыз башкарычуусу кээде - ван, кэхань - деп да жазылганы маалым (Малявкин, 1989: 282; Супруненко, 1963: 67 – 68). Араб - перс авторлорунун эмгектеринде кыргыз өкүмдары - хирхиз хаканы (МИКК, 1973: 41; Minorsky, 1955: 259) деп маалымдалат.

Азыркы илимий изилдөө жыйынтыгы көрсөткөндөй, түрк тилдүү этностордун мамлекет башкаруу системасында колдонулган «каган» аталышы жуань - жуандардын лексикасынан колдонууга алынган. Кийин ал түрк жана монгол тилдүү калктардын жогорку мамлекеттик башкаруу титулуна айланган. Каган титулу туурасында мусулман окумуштуулары кандайча ой жүгүртүшкөнү илим үчүн айрыкча маанилүү маселе. Мисалы, аль-Бируни «хакан» титулу түрк, хазар жана тогузгуздардын «малик титулу(хан) менен бирдей деп чечмелейт» (Бируни, 1957: 183). Ал-Хорезми болсо «хан» аталышы «хакан» термининен пайда болгондугун белгилеген (Новоселцев, 1990: 135).

Демек, ар бир элдин тилдик өзгөчөлүгүнө жараша кабылдоосунан улам, Кыргыз каганатынын жогорку бийлик ээсинин мансап аталышы ар башкача айтылгандыгы жазма булак маалыматтары аркылуу тастыкталат. Ал эми кыргыздардын жогорку бийлик эгесин - хан деп атоосу, түрк тилдүү калктар колдонгон каган титулуна тете болгон.

Кытайтаануучу Е. И. Кычановдун пикири боюнча бардык түрк тилдүү каганаттар арасынан Кыргыз мамлекетинин башкаруу бийлик аппараты кытай административдик түзүлүшүнө жакын болгон (Кычанов, 1991: 65). Е. И. Кычановдун иликтөөсүнө караганда, Кыргыз каганатындагы төбөлдөрдүн «лю дэн» аталган «алты катмарга» бөлүнүшү, Тан династиясынын мамлекетти башкаруу системасында колдонулган «лю бу» - «алты министрлик» системасына дал келет (Кычанов, 1991: 65).

Ал алты курам - башкаруу, церемониал, юстиция (жазалоо), финансы, кадрлар, аскерий жана коомдук иштер боюнча – министрдиктер болгон ( Бичурин, 1951: 352; Кычанов, 1991: 65; Кюнер, 1961: 56). Е. И. Кычановдун пикири боюнча башкаруу аппаратынын мындай уюшулушу «айрыкча ийкемдүү, жакшы сыналган система болгон жана ал кандай гана, анын ичинде азыркы мамлекеттин муктаждыгын да канааттандыра алмак» (Кычанов, 1991: 65-66).

Кыргыз өкмөтүн Тандык Кытайдагыдай цзайсян (канцлер, вазир, премьер - министр деп атаса болот) башкарган. Өлкөдөгү цзайсяндардын саны жети болуп, алардын ар бири - мамлекеттеги жергиликтүү аймактарды тейлешкен. Жети цзайсяндардын бири - жетекчи эсептелип, калган алтынын ар бири – өзүнчө «дэндерди» тейлешкен.

Алты цзайсяндын, алты «дэнди» башкаруусу; кыргыз эстелигиндеги «алты бак будунка баг aptim» - «алты бектик будунга бек болчумун» деген саптарга айрыкча үндөшүп кетет. Уюк Тарлак эстелигиндеги эпитафия баатырынын ысмы Эл Туган, ал эми титулу болсо «тутук» болгон Малов, 1952: 11). Түрк тилдүү этностор өздөштүрүп алган «тутук» титулу байыркы кытайлыктардын ду ду (tuotuok) термининен пайда болгон. Х. Эчединин пикири боюнча аталган кытай титулун түрктөр 558 - жылга чейин өздөрүнүн башкаруу бийлик титулатурасына өздөштүрүп алышкан (Ecsedy, 1965: 85). Ал эми кыргыз жазууларында болсо, ал *тутк* жана толук түрүндө *тутук* деп жазылат. Кыргыздар аталган титулду *Tuotuok* түрүндө түрк тилдүү калктардан да кабыл алышы мүмкүн. Бирок *тутук* титулунун таралыш ареалына караганда, ал көчмөн талаага кеңири жайылган термин экендигин белгилей кетиш абзел.

Кытай жазма булагында кыргыздардын жогорку бийлик ээлери үчөө экендиги кабарланат (Бичурин, 1951: 352). Е. И. Кычанов болсо аларды тутуктук деп үч чөлкөмдүк административдик бөлүнүш катары белгилейт (Кычанов, 1991: 65).

Айтылган маалыматтарга караганда Кыргыз каганаты «алты бектик» системадан куралып, ал өз кезинде үч тутуктукка бириккен. Үчилтик система Борбордук Азиядагы көчмөн мамлекеттердин башкаруу салтына ылайыкташкан согуштук - административдик талапты көздөгөн. Көчмөн жана жарым көчмөн турмушта жашаган калктар үчүн үчилтик система тарых сыноосунан өткөн жана башкаруу бийликти ийкемдүү координациялоого жол ачкан бирикме болгон. Кыргыз руникалык жазууларын толдоо жыйынтыгы да негизинен айтылган көз карашты бекемдейт. Төртүнчү Чакул эстелигинин каарманы мамлекеттин «кызыл желек тутугу» экендигин жана «теңири мамлекетине, өзүнүн бектерине көңүлү тойбой кеткендигине өкүнүч» (Малов, 1952: 38-39) кылат.

Айтылган маалыматтан биз «алты бектик» жергиликтүү уруучулук принципте куралса, ал эми үч тутуктук система согуштук - административдик оң, сол жана борбордук уюмдашуудан куралганын белгилээр элек.

Кыргыз руникалык жазууларын талдоо аркылуу *тутук* титулу Кыргыз каганатындагы жогорку бийлик мансабы болгондугун биле алабыз. Кежилиг-хобу эстелигинин каарманы Көмүл Өге, өзүнүн бийлик шатычасына көтөрүлүү жолун мындайча байндайт: «Отуз жашымда мамлекетиме өге болдум. Кырк жашымда мамлекетимде тутук болуп, элимди башкардым» Малов, 1952: 81-82).

Кыргыз каганатында жогорку кызмат эгелеринин жалпы калк катмарынан айырмаланып турчу өзгөчөлүктөрү болгон. Тутуктук кызматка татыктуу адам хан тарабынан дайындалган жана ага бийликтин белгиси катары «ай түспөлдүү алтын кемер тагылган» (Малов, 1952: 94-95).

Жогоруда эскерилген «өге» (Батманов, Арагачи, Бабушкин, 1962: 99) титулу борбордук жана жергиликтүү мамлекеттик администрациядагы кеңешчи, акыл айткан кызматкерди туюнтаары толук ыктымал.

Кыргыз мамлекетиндеги жергиликтүү бийликти текшерүү иши борбордон жүргүзүлүп, аны он «чжи ши» - көзөмөлчүлөр аткарышкан (Бичурин, 1951: 353; Кычанов, 1991: 65). Кытай титулатурасына ылайык белгиленген термин, кыргыз руникалык жазууларында кездешкен *чігші* – титулуна дал келет. Бул аталыштын түбү - кытайдын цы - ши титулунан келип чыккан (Ecsedy, 1965: 86). Кытай анологунда алар императордун буйругу менен провинциялардын иштерин текшеришкен.

Цы-ши – *tz'ŭ – shih (ts'iäk - şi) – čegši* (Малов, 1952: 45; Ecsedy, 1965: 86-87) - *чігші*- түрүндө кыргыздардын башкаруу системасына кабыл алынган.

Коомдук, саясий жана экономикасы келишкен өлкө үчүн статистикалык кызмат айрыкча маанилүү роль ойнойт. Ошондой эле, Кыргыз каганатынын ички жана тышкы саясатын жүргүзүш максатында 15 адамдан турган Секретариат «чжанши» (Бичурин, 1951: 353; Кычанов, 1991: 55; Таскин, 1968: 164) иштеген. Аталган титул түрк жана монгол тилдүү калктарга chang – shih (tiang – şi) čäńši түрүндө кабыл алынган ((Ecsedy, 1965: 88). Čäńši титулу кыргыз руникалык жазууларында «Чаңшы» формасында жазылган (Малов, 1952: 60-61). Айрым тюрколог адистер аталган терминди адамдын ысмы катары да карашат (ДТС, 1969: 139; Orkun, 1988: 552-553). Анткен менен Уйбат эстелигиндеги жазуунун мазмуну далилдеп тургандай «чаңшы» аталышы Кыргыз каганатындагы маанилүү титулду билдирет. Е. И. Кычановдун иликтөөсүнө караганда дагы, Кыргыз каганатындагы 15 адамдан турган Секретариат «чжаншилер» азыркы түшүнүктөгү катчылардан даражасы жогору турган мамлекеттик кызматкерлерди билдирет (Кычанов, 1991: 65).

Кыргыз каганаттагы салык саясатын таркандар тейлешкен жана алардын саны жазма булак маалыматтарында такталган эмес (Бичурин, 1951: 353). Кыргыз мамлекетинин жалпы калкы борборго салык төлөшкөн. Ошондой эле, бардык эр жеткен жигиттер аскер кошунуна тартылышкан. Балким, эр аталышына жашы жеткен эркектер салык төлөшүп, алардын санына жараша мамлекетке кызмат кылган таркандардын сагы да аныкталса керек.

Аскерлерди атактуу «саңундар» жетектешкен. Ж. Гамильтон муну кытай цзяньцзюнь наамын түрк тектүү калктар tsiang – kiun, tsịang – kịuən формасынан Saŋun/ Säŋün кылып өздөштүрүп алгандыгын белгилейт. Анын пикирине ылайык, Saŋun титулу генерал дегенди туюнтат (Hamilton, 1955: 155; Cleaves, 1968: 23).

**Корутунду ордуна**

Жалпысынан алганда, келтирилген фактылардын жыйынтыгы Кыргыз каганатынын борбордошкон мамлекетке айлангандыгын ырастайт. Мамлекеттик бийлик структурасынын чарбалык маданий типке ылайык калыптанышы, өлкөдөгү потестардык процесстин бир калыпта өнүгүшүнө багыт берген. Бийлик структурасындагы тең салмактуу баланстын сакталышына өлкө башкаруучуларынын билим жана кадрык саясатты көрөгөтүк менен жүргүзүшү өз жемишин берген жанан ал Кыргыз каганатынын Борбордук Азиядагы өнүккөн мамлекеттер менен алака курушуна жол ачкан.

## Адабияттар


Аль Бируни. Избр. Произведения. – Ташкент, 1957. – Т. I. (Alq Biruni. İzbrannye proizvedeniya. – Tashkent, 1957. – T. I).

Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф. Современная и древняя енисеика. Ф., 1962. (Batmanov İ. A., Aragaçi Z. B., Babuşkin G. F. Sovremennaya i drevnyaya yeniseika, Frunze, 1962).

Бернштам А. Н. История кыргыз и Кыргызстана с древнейщих времен до монгольского завоевания// Кыргыз Респ. УИА, Кол жазмалар Бөлүмүнүн фонду. 1942. - Инв. № 128; Ушул эле эмгектин котормосун Кар.: Кыргыздар (которгон М. Кожобеков). – Бишкек, 1991. (Bernştam A. N. *İstorıya kırgız i Kırgızstana s drevneyşih vremendo mongolskogo zavoevanıya*, Kırgız Respublikasının Kol jazmalar Fondu, İnv. № 128).

Бернштам А. Н. (1998). *История кыргыз и Кыргызстана с древнейщих времен до монгольского завоевания*. – Б.: Айбек. (Bernştam A. N. (1998). *İstorıya kırgız i Kırgızstana s drevneyşih vremendo mongolskogo zavoevanıya*). Bişkek: Aybek.

Бичурин Н. Я. (1951). *Собрание сведений о народах, обитавщих в Средней Азии в древние времена*.- Т. 1.- М.; Л.: Изд. Академии Наук СССР. (Biçurin N. Ya. (1951). *Sobranie svedeniy o narodah, obitavşih v Sredney Azii v drevnie vremena.* T.1. M.; L.: İzdatelstvo Akaemii Nauk SSSR).

Древнетюркский словарь. – Л., 1969.( Drevnetyurkskiy slovar, Leningrad, 1969).

Кляшторный С. Г. Стелы Золотого озера (К датировке енисейских рунических памятников)//Turkologica, - Л., 1976, 258-267. (Klyashtornıy S. G. Stelı Zolotogo ozera (K datirovke yeniseyskih runicheskih pamyatnikov) //Turkologica, Leningrad, 1976, 258-267).

Кюнер Н. В. Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. - М., 1961. (Kyuner N. V. Kitayskiye izvestiya o narodah YUjnoy Sibiri, TWentralqnoy Azii i Dalqnego Vostoka, Moskva, 1961).

Кычанов Е. И. Аппарат управления у енисейских кыргызов (по китайским сведениям)//Источники по средневековой истории Кыргызстана и сопредельных областей Средней и Центральной Азии. – Б., 1991.- 64-66. (Kychanov YE. İ. Apparat upravleniya u yeniseyskih kırgızov (po kitayskim vedeniyam) //İstochniki po srednevekovoy istorii Kırgızstana i sopredelqnıh oblastey Sredney i TWentralqnoy Azii, Bishkek, 1991, 64-66.).

Малов С. Е. (1952). Енисейская письменность тюрков. – М.; Л.,.

Малов С. Е. (1951). Памятники древнетюркской письменности. Тексты и исследования. – М.; Л.: Изд. Академии Наук СССР. (Malov S. E. (1951). Pamyatniki drevnetyurkskoy pismennosti. Tekstı i issledovaniya, Moskva; Leningrad: İzdatelstvo Akaemii Nauk SSSR).

Малов С. Е. (1952). Енисейская тюрков. М.; Л.: : Изд. Академии Наук СССР. (Malov S. E. (1952). Eniseyskaya pismennost tyurkov, Moskva; Leningrad .: İzdatelstvo Akaemii Nauk SSSR).

Малявкин А.Г - Танские хроники о государствах Центральной Азии: Тексты и исследования.Новосибирск, 1989. (Malyavkin A.G. Tanskiye hroniki o gosudarstvah TWentralqnoy Azii: Tekstı i issledovaniya, Novosibirsk, 1989).

Материалы по истории киргизов и Киргизии (МИКК). – Вып. I. – М., 1973. (Materialy po istorii kirgizov i Kirgizii (MİKK), Vıp. I, Moskva, 1973).

Новосельцев А. П. Хазарское государство и его роль в истории Восточной Европы и Кавказа. М., 1990. **(**Novoselqtwev A. P. Hazarskoye gosudarstvo i yego rolq v istorii Vostoçnoy YEvropı i Kavkaza, Moskva**).**

Супруненко Г. П. Документы об отношениях Китая с енисейскими кыргызами в источнике IX века «Ли Вэй-гун Хойчан Ипиь Цзи».— Изв. АН КиргССР. Сер. обществ, наук, Фрунзе, 1963, т. 5, вып. 1. – 67-81. (Suprunenko G. P. Dokumentı ob otnoşeniyah Kitaya s yeniseyskimi kırgızami v istochnike IX veka «Li Vey-gun Hoychan İpiiq Tszi».— İzv. AN Kirg. SSR. Ser. obshwestv, nauk, Frunze, 1963, t. 5, vıp. 1, 67-81).

Таскин В. С. Материалы по истории сюнну. - М., 1968. -Вып.1.( Taskin V. S. Materialı po istorii syunnu, Moskva, 1968, Vıp.1.).

Cleaves F. W. The Colophon to the Bolor Erike// Harvard Journal of Asiatic Studies, 1968. - Vol. 28.

Ecsedy H. Old Turkic Titles of Chinese Origin // AOH, T XVIII, 1965.

Hamilton J. R., Les Ouïghours À l'épogue des Cing Dinasties. D'après Les Documents Chinois, Paris 1955.

Minorsky V. Addenta to the Hudud al – Alam, Bulletin of the School of Oriental and African Studies, University of London, 1955. Vol. 17, No. 2.

Orkun H. P. Eski Türk Yazitlari.- Ankara, 1988.